Ийри-Суу негизги мектеби

# Тарбиялык саат


Тема: Өрт коопсуздугунун эрежелери

Мугалим: Абдыраимова Асель Идрисовна

- Жогоруда чыккан өрт – бул, токой массивдеринде чыккан өрт. Мында өрт жалыны дарактардын бутактарына жайылат, өзгөчө мында жалбырактуу бак-дарактар жабыр тартат.
- Жер астындагы өрт – мында, токойдогу өсүмдүктөрдүн тамырларынын күйүшү жүрөт.

- Негизи өрт кырсыгынын 2 түрү болот, биринчиси, жеке имараттар,үйлөрдө чыккан кырсык болсо,экинчиси, жаратылышта чыккан өрт кырсыктары болуп саналат. Имараттарда өрт кокустан чыгып кетсе, жаратылыш кучагында болгон өрттөр көпчүлүк учурда гана кургакчылыктын кесепетинен, күндүн ысыгынан өрттөнүп кетиши мүмкүн. Ошондуктан жаратылышка эс алуу үчүн барышкан адамдар өрт коопсуздугунун эрежелеринин сактоосу керек.
- Айта кетсек, электр жабдууларынан келип чыккан өрт 28%ды түзсө,ал эми балдардын от менен ойноосунан келип чыккан өрттүн саны 9%ды түзүп, эң эле өрт кырсыгы 47,8% турак-жайларда катталган.

**Өрт кырсыгы – бул материалдык баалуулуктардын өрттөнүп жок болушу жана адам баласынын өмүрүнө коркунуч менен коштолгон, контролдукка алынбаган өрттөнүп-күйүү процесси.**



•

Мында, анын келип чыгуу себептеринен болуп төмөнкүлөр саналат:

- \- коммуникациянын талаптагыдай жөнгө салынбашы;
- \- электр өткөргүчтөрүнүн бузук абалда болушу;
- \- атайы каралган-жайлардан-тышкары жерлерде тамеки чегүү;
- \- электр өткөргүчтөрүн кароосуз калтыруу же тиричилик техникаларын туура эмес пайдалануу;
- \- отту жана химиялык заттарды этиятсыз пайдалануу.

- Ар бир ишкананын өлчөмүнө карабастан, өрт өчүрүү жабдуулары, эвакуация планы, өрт сигнализациясы болушу керек. Өрт нормаларын жана коопсуздугун сактоо үчүн ишкананын башкаруучусу жооптуу.

## Өрт эмнеден келип чыгат?



- Өрттүн чыгышы адам баласынын өмүрүнө коркунуч келтирип, олуттуу чыгымдарга алып келет. Өрттүн чыгышына жана анын алоолонуп тутанышына түрткү берген шарттардан болуп, төмөнкүлөр болуп саналат.
- - күйүүчү материалдардын болушу;
- - күйүп жаткан оттун жалбырташына шарт түзгөн зарыл сандагы кислороддун болушу;
- - учкундагы жалындын тутанышы.
-

Автоматташтырылган өрткө каршы системалар

Өрттүн чыгуусун билдирүүчү белги

Аба менен камсыздоочу система

Өрткө каршы ички суу өткөргүч түтүкчө


Өрткө каршы кошумча эшик

Эвакуция план

- Ишканада орт коопсуздугун камсыз кылуу учун бир нече өзгөчүлүктөргө таянуу зарыл. Эң биринчиден, ишкана орт коркунучунун кайсы классына кирет. Бардык имараттар 5 категорияга бөлүнөт:
- «А» — жогору жарылуу-өртөнүү коркунучу;
- «Б» — жарылуу-өртөнүү коркунучу;
- «В» — өртөнүү коркунучу;
- «Г» — орточо өртөнүү коркунчу;
- «Д» — төмөн өртөнүү коркунучу

- Ал эми өртту болтурбоонун эн маанилуу аспекти-ишке алардын астында ар бир кызматкерге орт коопсуздугу жонундо билип-үйрөнүү маалыматы берилиши керек. Бул маалымат бир жолу гана берилбестен, кайра-кайра кайталанып,пландан тышкары жана максаттуу инструктаждар өтүлүп туруусу зарыл.






-

Бышыктоо: Окуучулар түстүү барактарага табигый өрттүн түрлөрү боюнча кластер түзүшөт.

Өрт убагында өзүн алып жүрүү эрежелери

- Ошол замат өрт өчүрүү кызматына (101) чалуу
- Эгер өрттү өз алдынча өчүрүү мүмкүнсүз болсо, терезелерди жабып, бөлмөдөн тез арада чыгып кетүү
- Кызматташтарды маалымдатуу керек
- Мүмкүнчүлүккө жараша электр энергияны өчүрүү
- Кооптуу аймактан чыккандан кийин өрт коопсуздугуна жоопкердуу адамдардын буйруктарын аткаруу

**Жыйынтыктоо!!!**

**Өрт коопсуздугу эрежелерин сактоо башкаруучуга да, кызматкерлерге да чоң кыйынчылык деле тузбөйт. Инструктажды четте сактап койбой. Керектүү мамиле буруу, өрт өчүрүүчү жабдыктарын ар дайым текшерип, жаңылатып туруу, ошондой эле эвакуация планын туура түзүп, көрүнүктүү жерлерге илүү, өрт учурунда ишкананы материалдык чыгымдардан жана адам жоготууларынан сактайт.**




Үйгө тапшырма:


Өрттүн келип чыгуу себептерин жана алдын алуунун жолдорун жазуу же сүрөтүн тартуу.


# ӨРТ ЧЫККАНДА ТЕЛЕФОН ЧАЛГЫЛА


# 101


# Балдар үчүн жол эрежелери

Жолдон туура өтүүнү балага кантип үйрөтүү керек. ЖКК кеңештери












Убакыт жетиштүү болушу үчүн, үйдөн дайыма эртелеп чыгуу керек; бала көчөдө шашкалактабай жүргөндү үйрөнгөнү жакшы

Жолдон өтөрдө сөзсүз токтош керек; жолду шашпай өткүлө. Мында бала да чуркабай басып өтүшү зарыл

Баланы жолдун тийиштүү жерлеринен гана өтүүгө көндүргүлө










Жолдун четинде токтоп, жолдогу кыймылды тосуп турган машинанын артынан эч качан жолго чыкпагыла. Аялдамада турган троллейбусту же автобусту алдынан да, артынан да кесе өтпөш керек. Жакын жердеги жөө кишилер өтчү белгиге чейин барып, жолду ошол жерден өткүлө

Светофор бар жерде жашыл күйгөндө гана өткүлө. Мында да жол кыймылы коопсуз экенин алдын ала караш керек. Жолдо машина жок болсо да, кызыл же сары күйүп турганда жолдон өтүүгө болбой турганына бала көнүшү керек

Жолдон өтөрдө бала менен сүйлөшүүнү токтоткула. Жолдон өтүп бара жатканда башка сөзгө алагды болбош керектигине көндүрүп, жолдогу абалга гана көңүл бурууга үйрөткүлө. Мындай учурда балага жолдогу абалга көңүл бурдура турган айрым нерселерди гана айтууга болот







Бала жолду түз басып өтүшүнө көңүл бургула. Бул машиналарга жакшыраак көз

Жолдон өтүп жатканда жана аялдамаларда баланы колунан кармап туруңуз, ал

Каршы бетте токтоп турган коомдук унааны көрүп, ага шашып чуркабагыла